| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VII сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2025-жылдын 4 – ноябры, № 7/6 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы мекемелер үчүн 2025-жылга керектелүүчү көмүрдүн көлөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алуунун, жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылга айыл аймагынын социалдык обьектилерди жылытууга керектелүүчү көмүрдүн көлөмүн бекитип берүү боюнча Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошованын кайрылуусун угуп, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына негизденип, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору Т. Зулпуевтин Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ишмердүүлүгү боюнча 01.01.2024-жылдан 31.12.2024-жылга чейин жүргүзгөн шайкештик аудитинин негизинде аныкталган социалдык обьектилерди жылытууга керектелүүчү көмүрдүн көлөмү **267,0** тонна же **1 717,5** миң сомго ашыкча жылытуу керектелүүчү көмүрдүн көлөмү **58,0** тоннага же **312,9** миң сомго азайтып киргизилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**